| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын VII кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 22-июлу №98 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Көл-Төр айылынын тургуну Талипова Букен Эсенгуловнага жер участогун мыйзамдаштырууга уруксат берүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагына караштуу Көл-Төр айылынын тургуну Талипова Букен Эсенгуловнанын арызынын негизинде, жер участогун мыйзамдаштырууга уруксат берүү боюнча, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Көл-Төр айылынын тургуну Талипова Букен Эсенгуловнага 2003-жылы системалык каттоодон айыл өкмөттүн жери болуп жаңылыш кирип калган 2-04-03-1002-0235 коддо жайгашкан жер участогун мыйзамдаштырып токтом чыгарып берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл областтык Юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Г.Ж.Сугатчиевага тапшырылсын.

**Төрага** **С. Эркинбек уулу**